**12.00.09** – жазык процесси, криминалистика; ыкчам-издөө иши адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган Калбаев Бакыт Абдысатаровичтин **"Жашы жете элек күбөнү суракка алуунун өзгөчөлүктөрү"** темасында диссертациясына экинчи расмий оппоненттин

# ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Жазык сот өндүрүшүнүн бардык этаптарында кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча милдеттерди аткаруу маанилүү. Бул максатка жетүү тергөө канчалык илимий жактан негизделген, тактикалык жактан туура жана жазык-процессуалдык мыйзамга ылайык жүргүзүлгөндүгү менен аныкталат. Кылмыштуулук менен күрөшүүдөгү ийгилик көбүн эсе тергөө аракеттерин билгичтик менен жүргүзүүгө көз каранды, алардын арасында далилдерди алуунун негизги каражаттарынын бири болгон сурак борбордук орунду ээлейт.

Сурактардын натыйжалуулугу негизинен процесстик нормаларды так сактоо жана тергөөчүнүн бул тергөө аракетин жасоонун тактикалык ыкмаларын билгичтик менен колдонуусу менен, өзгөчө жашы жете электерди суракка алууда аныкталат.

Жашы жете элек күбөлөрдү суракка алуунун көйгөйлөрүн изилдөөнүн актуалдуулугу бул тергөө аракетинин бир катар процессуалдык маанилүү аспектилеринин талаш-тартыш болушу менен аныкталат.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын алкагындагы илимий жыйынтыктар.** Ишт‍е жазык процесс, криминалистика илимдеринин өнүгүү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

**1 – Натыйжа.** Күбөнүн көрсөтмөлөрүнүн негизги белгилерине төмөнкүлөр кирет: а) күбө көрсөтмөлөрүнүн булагы – күбө физикалык жак катары; б) күбөнүн көрсөтмөсүнүн мазмуну –жеке өзү тарабынан же ага белгилүү булактардан кабыл алынган иштин жагдайлары; в) күбө көрсөтмөлөрүнүн предмети – кызыкдар болгон териштирүү жана соттук органдар, иштин мыйзамда көрсөтүлгөн жагдайы; г) көрсөтмөлөр түздөн түз териштирүү органдарына жана сотко оозеки берилет; д) суракка алуу учурунда көрсөтмөлөрдү белгилеп жазуу мыйзамда бекитилген процесстик формаларда жүргүзүлөт.

Мында күбөнүн көрсөтмөсүн аларды мыйзамдуу алуу мумкунчулугүнө негизделүү менен, ошондой эле КР колдонуудагы ЖПКсынын контекстинде

КЫР. АЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 06/610/24
«18» 03 2022 ж. г.

төмөндөгүлөргө дифференциялоо сунуш кылынат: 1) көпчүлүк күбөлөрдөн кылмыштын жагдайлары жөнүндө алынуучу белгилүү маалыматтар; 2) адамдын КР ЖПКсынын 82-беренесинин 4-бөлүмүнө ылайык укуктук абалынын, адвокаттык ишмердигин жүргүзүү учурунда адвокаттан (адвокаттын жардамчысынан), сот адилеттүүлүгүн, сот арачысын, коргоочуну жөнөтүү учурунда соттон жана арачыдан, иш үчүн мааниге ээ жагдайларды туура кабыл алууга тоскоолдук жаратуучу психикалык жана дене кемчиликтери бар жабырлануучу адамдын өкүлүнөн натыйжасында күбөнүн көрсөтмөлөрүнүн предмети боло албаган маалыматтар; шектелүүчүнүн, айыпталуучунун жакын туугандары, жолдошу (жубайы), медиатор; 3) маалыматтык коопсуздук максатында укуктук процедуранын өзгөчө тартибин талап кылуучу, ошондой эле жазык процессинде колдонуу үчүн соттук санкцияларды алуу менен байланышкан мамлекеттик жана башка сырды түзүүчү маалыматтар.

**2 – Натыйжа** Күбөлөрдү төмөнкү типтерге классификациялоо сунуш кылынат: 1) далилдөө предметине кирүүчү, анын ичинде кылмышты териштирүүнү уюштуруу үчүн мааниге ээ жагдайлар боюнча маалыматы бар күбө; 2) күбөлүк иммунитетке ээ болгон күбө, тактап айтканда күбө катары көрсөтмө бербөө жана белгилүү бир жагдайлар жөнүндө жеке каалоосу менен кабарлоо укугуна ээ адам; 3) атайын аракеттерди жүргүзүү ишине тартуунун натыйжасында негизделген күбөлүк көрсөтмөлөр; 4) купуя негизде кызматташкан адамдар, анын ичинде кылмыш чөйрөсүнө атайын киргизилген жана (же) кылмыш ишмердигин жасамыш болгон адамдар өздөрү жөнүндө сырды сактоо шарты менен күбө катары көрсөтмө бере алышат; 5) «жашырын күбөлөр» - иш үчүн маанилүү болгон жагдайлар жөнүндө маалыматтарга ээ адамдар, бирок мындай учурларда алардын өмүрү, ден соолугу, же жакын туугандары үчүн кооптуулукка негиз пайда болот; 6) көрсөтмөсү тергөө соту тарабынан депонирлөөгө жата турган күбөлөр; 7) коргоо тарабынан да, айыптоочу тараптан да көрсөтмө берүүчү күбөлөр; 8) 14 жаштан 18 жашка чейинки курактагы күбөлөр.

**3 – Натыйжа.** Күбөнүн көрсөтмөлөрү жооп бере турган негизги талаптар жана касиеттерге төмөнкүлөр кирет: 1) алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген процесстик тартипте алынышы керек; 2) эгер аларда адамдын түздөн-түз кабыл алуусунун натыйжасында, же ал көрсөткөн булак аркылуу алынган маалымат камтылса, анда териштирилип жаткан иш үчүн далилдик мааниге ээ болот, ал маалыматтын келип чыгышынын материалдык негизин себептик-тергөөчүлүк байланыш системасында аныктоого болот; 3) күбөнүн көрсөтмөсү баарынан мурда укуктук чөйрөдө болушу керек жана ал КР

ЖПКсы тарабынан гана эмес, башка укуктук актылар тарабынан да жөнгө салынышы керек. Териштирилип жаткан иш боюнча күбө берген маалымат эки топко ажыратылат: а) процесстик, бул КР ЖПКсынын 81-беренесине ылайык далилдөөгө жата турган жагдайларга түздөн-түз тиешелүү; б) процесстик эмес, булар аркылуу ыкчам-издөө жана криминалистикалык милдеттер чечилиши мүмкүн (мисалы, кылмышкерди издөө жана табуу; жоромолдорду түзүү менен байланышкан уюштуруу маселелери, териштирүүнү пландоо; тактиканы тандоо жана тергөө амалдарын жүргүзүүнүн ырааттуулугу, анын ичинде жазык сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларын суракка алуунун тартиби). Чечилүүчү милдеттерге карабастан, күбөнүн көрсөтмөлөрү КР ЖПКсынын 4-беренесинде берилген жазык сот өндүрүшүнүн милдеттерин чечүүгө шарт түзөт; 4) тергөө органдарына суракка чакырганга чейин эле белгилүү болгон маалымат күбөнүн көрсөтмөлөрүнүн предмети болушу мүмкүн; 5) алар жалпы маалыматтык агымдын элементи болушу зарыл, т.а., териштирилип жаткан жазык иши боюнча далилдер системасында болушу керек, ошону менен бирге ага карата белгилүү бир өз алдынчалыкка ээ болушат, анткени алынган мындай көрсөтмөлөр бир жагынан, далилдер системасын өнүгүүнүн жаңы деңгээлине көтөрүшү мүмкүн, экинчи жагынан, тескерисинче алынган жаңы маалыматтын айынан жана иш боюнча буга чейин болгон маалыматтан айырмалангандыгы үчүн түзүлгөн системаны туруксуздандырышы мүмкүн; 6) алар талап кылынгандай толук жана ар тараптуу болушу керек. Бул болсо презумпцияны болжолдойт, мында күбө өз көрсөтмөлөрүн түзүү учурунда, тактап айтканда кабыл алуу, эстеп калуу жана айтып берүү учурунда иштин жагдайларын зарыл болгон көлөмдө айтып берүүгө, кызыкдар адамдардын айрым фактыларын жана кылган иштерин түшүндүрүп берүүгө, кылмыштын иликтенип жаткан жагдайлары менен байланышкан башка көрүнүштөр боюнча түшүндүрмө берүүгө, берилип жаткан маалымат боюнча тергөөчүнүн кошумча суроолоруна жооп берүүгө  жөндөмдүү. Бул эрежелерди сактабай коюу маалыматтын кыскарышына, анын иш боюнча башка көрсөтмөлөр жана далилдер менен дал келбестигине, жалпысынан алганда күбөнүн көрсөтмөлөрүнө карата объективдүү күмөн саноону пайда кылып, аларга ишенбөөчүлүктү жаратат; 7) ага универсалдуулук касиети мүнөздүү болушу керек, анткени билимдин ар түрдүү жааттарынан алынган маалыматтарды тергөө органдары тарабынан негиздүү процесстик чечимдерди кабыл алуу максатында криминалдык жосундарын окуяларын аныктоого да, далидөөнүн азыркы методикалары менен териштирүүгө да багыттоо керек. 8) алынган маалыматтын аксиологиялык маанилүүлүгүн, ошондой эле аталган иш боюнча далилдөө системасында жеке далил катары баалуулугун аныктоо

максатында объективдүү жана субъективдүү критерийлерге негизделүү менен тергөө жана сот органдары тарабынан бааланышы керек; 9) мезгилдик чөйрөнүн материалдык башка жагдайлары менен байланышта болушу керек, бул болсо суралуучу адамдан алынган маалыматтарды четке кагуучу же тескерисинче тастыктоочу башка маалыматтын аркасында аларды текшерилүүчү касиет менен камсыз кылат. Күбөнүн көрсөтмөлөрү жазык иши боюнча маалымат системасынын элементи катары башка жолдор аркылуу текшерилиши мүмкүн экендигин белгилеп өтүү керек. а) күбөнүн көрсөтмөлөрү маалыматтын өз подсистемасын пайда кылат, анын милдети болуп күбө тарабынан берилген маалыматтардын ишенимдүүлүгүн текшерүү эсептелет, тактап айтканда, мындай учурда тергөө жана ыкчам иш-чаралары күбө берген көрсөтмөлөрдүн аныктыгын текшерүү үчүн гана жүргүзүлөт; б) күбөнүн көрсөтмөлөрү жазык иши боюнча жалпы маалыматтар системасына ылайык келиши керек, тактап айтканда, иш боюнча зарыл жагдайларды аныктоо боюнча далилдердин жыйындысында турушу керек. Ошону менен бирге аталган эки жол тең бир жагынан бири-бирине карама-каршы келбеши мүмкүн, бул болсо алынган маалыматтын чындыкка дал келиши жөнүндө күбөлөндүрөт, экинчи жагынан, эгер бири-бирине карама-каршы келишсе, анда алынуучу бардык маалыматтарды текшерүү үчүн кошумча тергөө жана башка амалдарын жүргүзүү, ошондой эле системаны турукташтыруу зарылдыгы келип чыгат, бул боюнча жогоруда көрсөтүлгөн; 10) көрсөтмөлөрдүн субъектисин күбө катарында алмаштырууга мүмкүн эместиги (КР ЖПКсынын 55-беренесинин 4-бөлүмүндө күбө катары суракка алууга болбой турган субъектилердин тизмеси көрсөтүлгөн); 11) күбө тарабынан берилүүчү маалыматтар териштирүү субъектилерине түшүнүктүү болушу керек жана алар сурак протоколуна түшүрүлгөндөн кийин гана далилдик мааниге ээ болушат; 12) жазык укугунда күбө жалпы (конституциялык) жана атайын (жазык-процесстик ченемдер менен шартталган) укуктарга ээ болушу керек, алар төмөндөгүдөй болуп бөлүнүшөт: а) туруктуу – иш боюнча сотко чейинки өндүрүштүн акырына чейин болуучу; б) кырдаалдык – жүргүзүлүүчү тергөө амалдарынын өзгөчөлүктөрү менен аныкталат.

**4 – Натыйжа.** Жашы жете элек күбөнү суракка алуунун процесстик-тактикалык өзгөчө эрежеси баарынан мурда төмөндөгүлөрдү камсыз кылууга чакырылгандыгы аргументтелет: биринчиден, териштирилип жаткан иш боюнча көрсөтмөлөрдү алуу максатында сурак жүргүзүүгө катышуучу бул категориядагы адамдар үчүн тиешелүү укуктук шарттар; экинчиден, жазык сот өндүрүшүнө тартылган күбөлөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүнө тиешелүү жашы жете элек адамдардын укуктарын жана

мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо; үчүнчүдөн, жаш өзгөчөлүгү менен шартталган психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен далилдөөгө жата турган жагдайлар боюнча суралып жаткан адамдардан ишенимдүү көрсөтмөлөрдү алуу; төртүнчүдөн, жашы жете элек күбөлөрдү суракка алууда адистерди, анын ичинде психолог жана педагогдорду ишке тартуунун өзгөчө эрежелерин жана жол-жоболорун сактоо; бешинчиден, сурак жүргүзүп жаткан териштирүүнүн субъектилери тарабынан укукка каршы аракеттерди жана психологиялык жактан таасир этүүлөргө жол бербөө боюнча чараларды көрүү.

**5 – Натыйжа.** Жашы жете элек күбөлөрдүн тергөө органдары тарабынан изилдөөгө жата турган жеке касиеттеринин бирдиктүү градацияларын кабыл алуунун максатка ылайыктуулугу негизделет: 1) жаш курактык өзгөчөлүгү; 2) медицина-биологиялык көрсөткүчтөрү; 3) жашы жете элек күбөлөрдүн өздүгүнүн социалдык-шартталган касиеттери (мында социалдык чөйрөнүн таасири астында өздүгү калыптанган жер. Мисалы: укуктук аң-сезим, адеп-ахлактык ынаным, көз караш, аны курчаган социалдык чөйрө, коомго каршы элементтер менен байланышта болуу); 4) жашы жете элек күбөнүн моралдык багыты менен шартталган өздүк жүрүм-турумун мүнөздөөчү өзгөчөлүктөр: а) туруктуу оң багыттагы адам; б) жалпы терс багыттагы жана адеп-ахлактык жактан деформацияланган адам (мисалы, жазык жоопкерчилигине мурда тартылган жана андан ары да оңолууну каалабаган; же эркинен ажыратылган же атайын мектепте тарбияланган, бирок кылмыштын күбөсү болгон адам); в) жүрүм-турумуна объективдүү да, субъективдүү да жагдайлар таасир берүүчү, жалпы туруксуз багыттагы адам (алардын жүрүм-туруму түзүлгөн кырдаалга, үй-бүлөлүк абалына, социалдык чөйрөсүнө ж.б. жараша болот); 5) жашы жете элек күбөнүн өздүгүнүн жеке-психологиялык касиеттери жана процесстери: а) адамдын типологиясына негизделген; б) жашы жете элек күбөнү суракка алуу мезгилинде өтүүчү мурдатан кабыл алынган кылмыш окуясын чагылдырып берүү мүмкүнчүлүгү көз каранды боло турган психикалык өнүгүүсүнүн жана психикалык процесстеринин деңгээли; в) ачык көрүнгөн жеке сапаттарынан; г) өнөкөт (же убактылуу) психикалык оорусунун же психикалык башка абалынын болушу.

**6 – Натыйжа.** Жашы жете элек күбөнүн көрсөтмөлөрүнө таасир эте турган негизги көйгөйлүү жана суралып жаткан тараптын көңүлүн өзгөчө талап кылуучу факторлорго төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: күбө тарабынан жалган көрсөтмө берүүсүнүн мотивациялык түзүүчү өзгөчөлүгү, анткени аларга болгон ички мамиле жазык сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларынан түп-тамырынан айырмаланат. Ошону менен бирге буга

төмөнкүлөр да бир топ таасир тийгизе тургандыгын эске алуу керек: а) күбөнүн өздүгүнүн типологиясы, б) күбөнүн болуп өткөн окуяга карата ички психикалык мамилеси, в) күбөнүн териштирилип жаткан ишке болгон кызыкчылык деңгээлине негизделүү менен, г) териштирилип жаткан криминалдык окуянын чегинде сурак жүргүзүү учурунда түзүлгөн тергөө кырдаалынын мүнөзү, д) иш боюнча анын коопсуздугун камсыз кылуунун деңгээли. 2) Болуп жаткан кылмыштык окуянын өзү (мейкиндик жана мезгилдик жактан) күбө тарабынан ар кандай кабыл алынат жана эсте калат, ал анын интеллектуалдык-эрктик чөйрөсүнө, социалдык-психологиялык мүнөзүнүн комплексине, ошондой эле анын тегерегинде түзүлгөн экстремалдык кырдаалдын таасиринин терс аспектилерине жараша болот. Ошондой эле, мында бир жагынан травмалоочу окуянын (психологиялык, биологиялык жана социалдык түзүүчүлөрдүн таасири алдында өтүүчү) созулушу, экинчи жагынан кылмыштык аракеттердин күбө тарабынан субъективдүү интерпретацияланышы бир кыйла ролду ойнорун түшүнүү зарыл. 3) опузалоочу факторлор болгон учурда күбөнүн жана анын жакын адамдарынын коопсуздук деңгээли; 4) күбөгө жакын чөйрөсүнүн таасири, алар тарабынан суракттын бул катышуучусу туура көрсөтмөлөрдү бергендиги үчүн айыптоого дуушар болот; 5) достук, кызматтык жана башка мамиледе болгон адамга күбө катары күбө көрсөтмөсүн берүүдө; 6) сырдын бир түрүн түзүүчү (мисалы, мамлекеттик, дарыгерлик, банктык ж.б.) көрсөтмөнүн күбө тарабынан берилиши; 7) интимдик мүнөздөгү маалыматты камтыган күбө көрсөтмөсү; 8) тергөөчү менен күбөнүн ортосундагы психологиялык контакттын болбошу, ошондой эле анын укук тартиби органдарынын кызматкерлерине карата кастыгы; 9) окуя болуп жаткан учурда баңгизаттык же алкоголдук мас абалында болгон адамдын күбө катары көрсөтмө берүүсү; 10) болуп өткөн окуя боюнча жеке курч эмоциясынын фонунда жабырлануучу менен тууганчылык же жакын байланышынын болушу.

**7 – Натыйжа.** Жашы жете электердин жалган күбө өтүүсүнүн мотивациялык түзүүчүсү үчүн негиз болгон негизги детерминдөөчү себептерди төмөнкү топторго бөлүүгө болот: 1) мотивациянын негизинде күбөнүн криминалдык кырдаалды адептик жактан баалоосу жатат, жашы жете элек күбөнүн аң-сезиминде ал тышкы факторлордун таасири астында интерпретацияланат, аларга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: а) конформизм, бул - жашы жете элек күбөнүн жүрүм-турумунун белгилүү бир тар топтук стандартка туура келиши, бул болсо анын өз миродүйнөсүндө кадимкидей жашоосун улантуу максатында маалыматты атайылап бурмалоого түртөт; б) сыпайылык, бул - коомдук мамилелердеги маданиятты жекече түшүнүү менен байланышкан; в) туура көрсөтмө берүү учурунда тегерегиндегилерге

оң таасир калтырууну каалоо жана алар тараптан жактырбоону болтурбоо максатында; г) шектелүүчүнүн, айыпталуучунун өзүнө же анын жакын туугандарына карата пайда болуучу ынандыруу, көз караштарынын жалпылыгы менен шартталган күбөгө жаккан адамдарга карата боору ооруу, аео сезиминин пайда болушу; д) күбө катары сотто андан ары көрсөтмө берүүнү каалабай тургандыгы; е) укук коргоо органдарына терс мамиледе болгондугу үчүн аларга көмөктөшкүсү келбегендиги. 2) анын негизинде адамдык коомго мүнөздүү болгон жана жашы жете элек күбө тарабынан атайын акт катары карала турган социалдык мотивдик түзүүчүнү бөлүп көрсөтүүгө болот, тактап айтканда: а) кылмыш аткарганга тиешеси бар адамдардан сый акы алуу менен шартталган пайда табуу (пайда көздөө мотивдери); б) көрсөтмө бергиси келбегендик, анткени териштирүү жүргүзүп жаткан органдардын «көзүнө» чалдыга элек башка жакын адамдарга тийип калышы мүмкүн; в) териштирлип жаткан окуяга жеке катыштыгын жашыруу максатында; г) өч алуу же сурак жүргүзүлүп жаткан адамга карата күбөнүн чыр-чатак мамилесин шарттаган жеке кызыкчылыгы; д) шектелүүчүнүн (айыпталуучунун) күнөөсүн көбөйтүүчү же тескерисинче төмөндөтүүчү көрсөтмө берүүгө убада берүү жолу менен айрым артыкчылыктарга жетүү максатында башка адамдарды манипуляциялоону каалагандыктан. 3) өзүн, өз саламаттыгын жана өмүрүн, жакын адамдарынын амандыгын сактоо инстинктине негизделет: а) туура көрсөтмө берген учурда туугандарынын жана ага жакын адамдардын саламаттыгына кооптуулук жарала тургандыгынын айынан; б) кызыкдар адамдар тарабынан күбөнүн дарегине түшүп жаткан коркутуулардын айынан; в) иш боюнча өтүп жаткан анын жакын адамынын жазык жоопкерчилигине тартылуусунан корккондуктан; 4) жашы жете элек күбөнүн ой жүгүртүү өзгөчөлүгүнүн натыйжасы катары чыныгы маалыматты бурмалоосу: а) жашы жете элек адамдын өз аракеттерин криминалдык аракет (жазык жоопкерчилигине тартууга жата турган) катары туура эмес баалоосу, андыктан көрсөтмөлөрдү өзү билгендей берүүсү жана чыныгы кырдаалды жашыруусу; б) башка жакын адамдарынын аракеттерин туура эмес баалоо, же субъективдүү жагдайлар үчүн алардын аракеттерин актоо (мисалы, бул жабырлануучунун өзү тарабынан шектелүүчү адамга карата келтирилген зыян үчүн өкүнүү). Бирок муну менен жалган көрсөтмө берүүнүн мотивациялык түзүүчү категориясынын бешинчи тобун шарттуу түрдө белгилөөгө болот, бул - жашы жете элек күбөлөрдүн жалган көрсөтмөлөрдү берүү үчүн негиз катары кызмат кылуучу стимулдардын комплекси.

**8 – Натыйжа.** Жашы жете элек күбөлөрдүн өзгөчөлүктөрүнө, анын ичинде териштирилип жаткан окуяга негизделүү менен аларды төмөнкү

топторго ажыратууга болот: 1) жаш курак белгилери боюнча: а) кенже жаштагы күбөлөр, б) он алты жашка чыга элек жашы жетпеген күбөлөр, в) он сегиз жашка чыга элек жашы жетпеген күбөлөр. 2) жашы жете элек күбөнүн териштирлип жаткан окуяга карата мамилесине негизделүү менен: а) шектелүүчүнүн (айыпталуучунун) жакын чөйрөсүнө кирүүчү жашы жете элек күбөлөр, б) болуп өткөн окуяга карата жеке позициясына негизделүү менен анык көрсөтмөлөрдү берүүчү «ак ниет» күбөлөр, в) териштирилүүчү окуяга өздөрү катышкан жашы жете элек күбөлөр, бирок жазык-процесстик мыйзамдарга ылайык аларга карата сотко чейинки өндүрүш токтотулган (мааниси аз жосун, жазык жоопкерчилиги жаш курагына жете электигинен ж.б.у.с.). 3) иш боюнча көрсөтмө берүүгө карата жобого негизделүү менен: а) жашы жете элек күбө иш боюнча, ошондой эле териштирилип жаткан окуянын маанилүү жагдайлары жөнүндө анык көрсөтмө берүүгө даяр; б) жашы жете элек күбө ар кандай жагдайлардан (объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү) улам тергөөнү кызыктырган жагдайлар боюнча анык көрсөтмө берүүнү каалабайт.

**9 – Натыйжа.** Мыйзам чыгаруу мүнөзүндөгү төмөнкү өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу аргументтелет:

9.1. КР ЖПКсынын 55-беренесинин 1-бөлүмү төмөнкү редакцияда берилсин: «Укуктук абалына негизделүү менен ага белгилүү болгон, маңызы боюнча жазык ишин териштирүүдө мааниге ээ көрсөтмөлөрдү берүү үчүн белгиленген тартипте сотко чейинки өндүрүш органына же сотко чакырылышы мүмкүн болгон адам күбө катары эсептелет».

9.2. жашы жете элек күбөнүн укуктарын коргоону камсыз кылуу, ошондой эле КР ЖПКсынын 203-беренесинин жашы жете элек күбөнү суракка алууга мыйзамдуу өкүлдөрүнүн милдеттүү түрдө катышуусун караган 1-бөлүмүндөгү карама-каршылыктарды четтетүү максатында, КР ЖПКсынын 48-беренесине жашы жете элек жабырлануучунун гана эмес, күбөнүн да кызыкчылыктарын коргой турган өкүлдүн ишмердигин жөнгө салуучу жоболор киргизилишин негиздүү деп эсептейбиз. Андыктан, КР ЖПКсынын 48-беренесине өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүүнү сунуш кылабыз, тактап айтканда:

1) Бул ченемдин аталышы «Жабырлануучунун, күбөнүн жана жеке айыптоочунун өкүлү» деп өзгөртүлсүн;

2) Бул ченемдин жоболорунун мазмунуна жашы жете элек күбө сыяктуу катышуучу да киргилсин.

Мындан тышкары, эгер жашы жете электи суракка алууга катышууга бир канча мыйзамдуу өкүлдөр талапкерлигин койсо, анда тергөөчү жашы жете

элек адамга, мисалы анын эркине басым кылуу, көрсөтмөлөрдү бурмалоо ж.б. терс таасирин тийгизбей турган өкүлдү тандап алууга укуктуу.

9.3. Жашы жете элек күбөлөрдүн укугун жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу максатында, ошондой эле суракттын максатына жетүү үчүн жаш курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөргө негизделүү менен КР ЖПКсынын жоболоруна төмөнкү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү зарыл деп эсептейбиз:

1) КР ЖПКсынын 57-беренесинин 1-бөлүмү («Адис») төмөнкү мазмун менен толукталсын: «Жаш курактык жана педагогикалык психология жаатында атайын билими, көндүмү жана тажрыйбасы бар адам да адис катары эсептелет».

2) КР ЖПКсынын «Жашы жете элек күбөнү суракка алуунун өзгөчөлүктөрү» 2031 - өзүнчө беренеси каралсын жана ал төмөнкү редакцияда берилсин:

а) 1-б. – «комплекстүү психология-психиатриялык экспертизанын жыйынтыгына ылайык тастыкталган психикасынын бузулушу менен жабыркаган же психикалык өсүүдөн артта калды деп табылган он алты жашка чейинки же он алты жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы (16-18) күбөнү суракка алууга мыйзамдуу өкүлдүн, педагог же психологдун, тергөөчүнүн чечими менен тиешелүү жаатта маалыматы бар тиги же бул адамдын катышуусу. Жогоруда көрсөтүлгөн учурларга туура келбеген он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки күбөнү суракка алууда мыйзамдуу өкүлүнүн да, коргоочусунун да катышуусу милдеттүү эмес. Жашы жете элек күбөнүн мыйзамдуу өкүлү жок болгон учурда, камкорчулук жана көзөмөлчүлүк органдары мындай өкүл катарында катыша алат»

б) 2-б. – «Көрсөтмө берүүдөн баш тарткандыгы жана жалган көрсөтмө бергендиги үчүн жоопкерчилик жөнүндө он алты жашка чыга элек күбөлөргө алдын ала эскертилбейт. Алардын КР ЖПКсынын 55-беренесинде каралган процесстик укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүп бергенден кийин протоколго бул жөнүндө белгиленет, протокол күбөнүн колу менен, ошондой эле алардын кызыкчылыктарын коргогон адамдар тарабынан күбөлөндүрүлөт».

в) 3-б. – «Педагог же психолог тергөөчүнүн, прокурордун уруксаты менен жашы жете элек күбөгө суроо берүүгө, ал эми сурак бүткөндөн кийин сурактын протоколу менен таанышууга жана анда жазылгандардын аныктыгы жана толуктугу жөнүндө жазуу түрүндөгү сын пикир жасоого укуктуу».

г) 4-б. – «эгер жашы жете элек күбө менен мыйзамдуу өкүлдүн өз ара мамилесинин мүнөзү, же анын аракети жашы жете элек баланын

психикасына терс таасир тийгизип жатса, же көрсөтмө алууга тоскоолдук кылууга багытталса жана башкасына алмаштырылса, жашы жете элек күбөнүн мыйзамдуу өкүлү ишке катышуудан тергөөчүнүн токтому менен четтетилиши мүмкүн».

д) 5-б. – «Жашы жете элек күбөнү суракка алуу тыныгуусуз эки сааттан ашык уланышы мүмкүн эмес, жалпысынан бир күндө төрт сааттан ашык жүргүзүлбөйт жана ал саат 8.00дөн 22.00 чейинки убактта жүргүзүлөт».

е) 6-б. – «Жашы жете элек күбөнү суракка алуунун алдында педагогго (психологго) же анын мыйзамдуу өкүлүнө, а эгер катыша турган болсо коргоочусуна алардын ушул Кодексте каралган укугу жана милдеттери түшүндүрүлөт».

9.4. Өспүрүмдөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, күбөнүн көрсөтмөлөрүн депонирлөө негиздеринин бири катары жашы жете электин жаш курагы сыяктуу критерийин кароону негиздүү деп эсептейбиз.Ушул максатта КР ЖПКсынын 205-беренесинин 2-бөлүмүн «… Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары…» сөздөрүнөн кийин «… ошондой эле, кайрадан суракка алуу учурунда, же тышкы факторлордун таасири астында соттук териштирүүнүн жүрүшүндө жашы жете элек күбөгө психотравмалык таасир этүүгө жол бербөө максатында жана ага карата коопсуздук чараларын колдонуу учурларында» деп берүү сунуш кылынат.

**10 – Натыйжа.** Суракка алуудан башка тергөө амалдарын жүргүзүү учурунда күбөлөрдүн берген көрсөтмөлөрү жөнүндө жобо өз маанисин жоготот жана төмөнкү себептерден улам негиздүү болуп эсептелбейт. Күбөнүн катышуусу менен активдүү тергөө амалдарын (таануу, окуя болгон жердеги көрсөтмөлөрдү текшерүү, тергөө эксперименти) жүргүзүүдө КР ЖПКсынын 202-беренесинин 2-бөлүмүнүн негизинде ага жалган көрсөтмө бергендиги жана көрсөтмө берүүдөн баш тарткандыгы үчүн жазык жоопкерчилиги, күбө катары башка процесстик укукту жана милдетти алып жүрө тургандыгы боюнча эскертилет. Мындай учурда жүргүзүлүп жаткан тергөө амалдарынын маңызы боюнча күч аракеттери гана мааниге ээ болбостон, акырында жазык сот өндүрүшүнүн шартында берилген ошол эле көрсөтмөлөр болуп кала турган анын түшүндүрмөсү, сын пикири, корутундусу да мааниге ээ болот. Мында адам сурактан кийин гана иш боюнча күбө макамын ала тургандыгын эске алуу керек, т.а., күбөнүн катышуусунда боло турган бардык башка тергөө амалдары сурактан кийин гана жүргүзүлүшү мүмкүн. Мындай иреттүүлүк күбөдөн зарыл маалыматты алуунун логикалык мүнөзүнө жооп берет жана анын укуктук аякталышын бекитет. Жогоруда айтылгандарга негизделүү менен КР ЖПКсынын 82-беренесинин 1-бөлүмүн төмөнкү редакцияда берүү керек: «күбө ишке

тиешеси бар бардык жагдайлар боюнча сотко чейинки өндүрүш этабында ушул Кодекстин 25 жана 26-баптарындагы тартипте суралышы мүмкүн. Күбөнүн таануу, күбөнүн көрсөтмөлөрүн текшерүү, тергөө экспериментин жүргүзүү учурунда берилген көрсөтмөлөрү далилдик мааниге ээ жана алар далилдердин булактарына кирет».

**11 – Натыйжа.** Күбөнүн иммунитети төмөнкү позициялардан каралышы керек экендиги далилденген: 1) «өзүнө каршы күбөлүк кылбоо» абалы принципиалдуу эки позицияны билдирет жана укуктук гана түшүндүрмөгө ээ болот, биринчиден, кеп суралып жаткан күбөнүн криминалдык жосун аткаргандыгы же анын жосун аткарууга тиешелүүлүгү жөнүндө болуп жатат. Андыктан КР ЖПКсынын 83-беренесинин 3-бөлүмүнө ылайык суракта күбө катары чыккан адамдын берген көрсөтмөлөрү өзүнө каршы далилдер катарында таанылышы жана аны айыптоо негизи катары каралышы мүмкүн эмес; экинчиден, процесстин бул катышуучусуна ал билген маалымат кылмыш аткарууга шектенүү жана айыптоо үчүн негиз боло турган жана анын мыйзам менен корголо турган кызыкчылыктарына каршы багыттала тургандыгын тастыктоого мүмкүндүк берүүчү объективдүү критерийлердин болушу жөнүндө; 2) Өзүнө өзү, өзүнүн жолдошуна (жубайына) жана мыйзам тарабынан аныкталган жакын туугандарына каршы маалыматтар жөнүндө күбөлүк иммунитетке күбө жана жабырлануучу гана ээ боло алат; 3) КР ЖПКсынын 55-беренесин 11-бөлүм менен толуктоону жана аны төмөнкү редакцияда берүүнү максатка ылайык деп эсептейбиз: «Күбө иммунитетине ээ болгон адамдын жазык иши боюнча көрсөтмө берүүгө макулдугун берген учурда ага КР ЖПКсынын 364, 365-беренелери боюнча билип туруп жалган көрсөтмө бергендиги үчүн жоопкерчиликке тартыла тургандыгы, ошондой эле анын көрсөтмөлөрү, алардан кийин баш тартса да көрсөтмөлөр иш боюнча далилдер катары колдонулушу мүмкүн экендиги жөнүндө эскертилет».

**12 – Натыйжа.** Далилдөөгө жата турган жагдайларды аныктоо процессине тиешелүү дискуссиялык маселелерге тиешелүү териштирүүнүн жыйынтыктары боюнча сотко чейинки өндүрүштү алып барган тергөөчүнү башкалар сыяктуу эле сотто квалификациялуу түшүндүрмөлөрдү бере ала турган субъектилердин катарына кошуу аргументтелет. Бул максатта тергөөчүнү күбө маккамына трансформациялоо зарылдыгы жок, а КР ЖПКсынын соттук териштирүүнүн жүрүшүндө тергөөчүнү суракка алуунун процесстик тартибин жөнгө салуу боюнча жобосуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү зарыл деп эсептейбиз. Муну менен бирге, сот сурак процессинин доминанттык субъектиси катары калтырылышы керек, ал эми башкалар соттун уруксаты менен гана суроо берүүгө укуктуу болушу керек.

**3. Диссертацияда түзүлгөн илимий натыйжалардын (илимий жоболордун), корутундулардын жана сунуштардын негизделүү деңгээли жана ишенимдүүлүгү.**

**1 – Натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени ал автор тарабынан изилденген көптөгөн илимий иштеп чыгууларды талдоонун негизинде иштелип чыккан, натыйжада автор өзүнүн корутундусун жасаган.

**2-Натыйжа**. Ишенимдүү анткени күбөлөрдү типтерге классификациялоо негизделген.

**3 – Натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени ал илимий иштеп чыгууларды талдоонун, ченемдик укуктук актылардын жоболорун терең талдоонун негизинде иштелип чыккан.

**4 – Натыйжа.** Ишенимдүү, анткени ал каралып жаткан маселе жаатындагы атайын адабияттарды талдоого негизделген.

**5 – Натыйжа.** Ишенимдүү, анткени жашы жете элек күбөлөрдүн тергөө органдары тарабынан изилдөөгө жата турган жеке касиеттеринин бирдиктүү градациялоо менен негизделген.

**6 – Натыйжа.** Ишенимдүү, анткени жашы жете элек күбөнүн көрсөтмөлөрүнө таасир эте турган негизги көйгөйлүү факторлорду аныктоо менен негизделген.

**7 – Натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени ал көптөгөн изилденген илимий иштеп чыгууларды талдоонун негизинде иштелип чыккан, анын натыйжасында автор өз тыянагын жасаган.

**8 – Натыйжа.** Ишенимдүү, анткени жашы жете элек күбөлөрдүн өзгөчөлүктөрүнө карап топторго бөлүү менен негизделген.

**9 – Натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени ал эл аралык жана улуттук мыйзамдардын ченемдерин талдоонун негизинде иштелип чыккан.

**10 – Натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени күбөдөн зарыл маалыматты алуунун логикалык мүнөзүнө жооп берет жана анын укуктук аякталышын бекитет.

**11 – Натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени ал көптөгөн илимий иштеп чыгууларга, улуттук мыйзамдардын жоболорун терең талдоого негизделген.

**12 – Натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени ал көптөгөн илимий иштеп чыгууларга, атайын адабиятты терең талдоого негизделген.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда түзүлгөн ар бир илимий натыйжанын (жобонун) жана корутундусунун жаңычылык деңгээли.**

Жашы жете электердин жалган күбө өтүүсүнүн мотивациялык түзүүчүсү үчүн негиз болгон негизги детерминдөөчү себептерди төмөнкү топторго бөлүүгө болот

**1-Натыйжа.** Бул натыйжа **дээрлик жаңы**, анткени автор мурда иштелип чыккан концепцияларды жалпылайт.

**2 – Натыйжа.** Бул натыйжа **жаңы,** анткени ал автор тарабынан бул тармакта болгон теориялык иштеп чыгуулардын негизинде, бирок өзүнүн кабыл алуу призмасы аркылуу түзүлгөн.

**3 – Натыйжа. Жаңы,** анткени автор биринчи жолу күбөнүн көрсөтмөлөрү жооп бере турган негизги талаптардын жана касиеттердин тизмесин көрсөтөт.

**4– Натыйжа. Жаңы,** анткени автор тарабынан жашы жете элек күбөнү суракка алуунун процесстик-тактикалык өзгөчө эрежесин камсыз кылычуу аргументтер негизделген.

**5– Натыйжа. Жаңы,** автор биринчи жолу жашы жете элек күбөлөрдүн тергөө органдары тарабынан изилдөөгө жата турган жеке касиеттеринин бирдиктүү градацияларын кабыл алуунун максатка ылайыктуулугун негиздейт.

**6– Натыйжа.** Жашы жете элек күбөнүн көрсөтмөлөрүнө таасир эте турган негизги көйгөйлүү жана суралып жаткан тараптын көңүлүн өзгөчө талап кылуучу факторлорду кабыл алуу боюнча бул сунушту автор биринчи жолу негиздеп жаткандыктан **жаңы.**

**7– Натыйжа.** Бул натыйжа **жаңы** анткени жашы жете электердин жалган күбө өтүүсүнүн мотивациялык түзүүчүсү үчүн негиз болгон себептердин тобу негизделген.

**8– Натыйжа. Жаңы,** анткени автор тарабынан биринчи жолу жашы жете элек күбөлөрдүн өзгөчөлүктөрүнүн негизинде аларды топторго бөлгөн.

**9– Натыйжа.** Мыйзам чыгаруу мүнөзүндөгү өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу аргументелген үчүн бул натыйжа **жаңы.**

**10– Натыйжа.** Автор тарабынан биринчи жолу тергөө амалдарын жүргүзүү учурунда күбөлөрдүн берген көрсөтмөлөрү жөнүндө жобо өз маанисин жана негиздүүлүгүн жоготуу себептерин аныкталгандыгы үчүн бул натыйжа **жаңы.**

**11– Натыйжа. Жаңы,** анткени күбөнүн иммунитетинин позициялары далилденген.

**12– Натыйжа. Жаңы,** анткени ал автор тарабынан бул тармакта болгон теориялык иштеп чыгуулардын негизинде, бирок өзүнүн кабыл алуу призмасы аркылуу түзүлгөн.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык иште берилген жыйынтыктар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик мыйзамдарын жакшыртууга, ошондой эле криминалистикалык тактиканын андан ары өнүгүшүнө белгилүү бир салым кошууга, азыркы психологиянын жетишкендиктеринин негизинде анын ыкмаларын ылайыкташтырууга жана ар кандай жаш курактагы жашы жете электерди суракка алуунун тактикалык көйгөйлөрүн тереңден изилдөөгө багытталган. Ошондой эле, иштин маанилүүлүгү жашы жете электер күбө катары катышкан жазык иштерин териштирүү боюнча тергөөчүнүн ишмердигинин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталгандыгы менен аныкталат. Диссертациянын материалдары мыйзам чыгаруу чөйрөсүндө, окуу жана методикалык колдонмолорду түзүүдө, юридикалык жогорку окуу жайларынын студенттеринин криминалистиканын тиешелүү бөлүмдөрүн тереңдеп изилдөө максатында атайын курстарды иштеп чыгууда, ошондой эле укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу системасында колдонулушу мүмкүн.

**6. Изденүүчү тарабынан тийиштүү актуалдуу көйгөйдү чечүүнүн натыйжалардын теориялык же колдонмо милдеттеринин багытталышы.**

Изденүүчү тарабынан түзүлгөн корутундулар жана сунуштар юридикалык илимдин, анын ичинде жазык-процесстик укуктун жана криминалистиканын актуалдуу маселелерин чечүүгө багытталган.

Диссертациялык иште туюндурулган корутундулар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун иштеп чыгууда жана жашы жете элек күбөлөрдү суракка алуу маселелерин жөнгө салуу боюнча улуттук мыйзам чыгаруу процессин өркүндөтүүдө пайдаланылышы мүмкүн.

Изденүүчүнүн сунуштары укук колдонуу практикасында кабыл алынышы мүмкүн, ошондой эле укуктук циклдин бир катар дисциплиналарын окутуу үчүн илимий-педагогикалык жактан пайдалуу болушу мүмкүн.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана корутундуларынын басылмаларда жетишээрлик деңгээлде толуктугун тастыктоо.**

Диссертациялык изилдөөдө берилген негизги жоболор, натыйжалар жана корутундулар изденүүчүнүн 8 илимий макалада чагылдырылган, ар кандай эл аралык илимий конференцияларда баяндалган.

1. Калбаев, Б.К. Жашы жете электин укуктук абалын аныктаган негизги принциптер [Текст] / Б.К. Калбаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. № 12. - С. 195-199.
2. Калбаев, Б.К. Жашы жете элек адамдардын катышуусу менен кылмыштардын системасынын элементтери тууралуу суроо жөнүндө [Текст] / Б.К. Калбаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. № 12. - С. 210-214.
3. Калбаев, Б.К. Күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүнүн маңызы жана негизги белгилери [Текст] / Б.К. Калбаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. № 2. - С. 208-212.
4. Калбаев, Б.К. Уюшулган опузалап алуу жөнүндө кылмыш иштери боюнча жабырлануучунун жана күбөнүн суракталуусунун өзгөчөлүктөрү [Текст] / Б.К. Калбаев, Ч. С. Эрдолатов // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. № 2. - С. 213-218.
5. Калбаев, Б.К. Жашы жете электин сурагына таасирин тийгизген негизги психологиялык факторлор [Текст] / Б.К. Калбаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. № 3. - С. 137-141.
6. Калбаев, Б.К. КМШ өлкөлөрүнүн укуктук системасынын алкагында "жашы жете элек" түшүнүгүнө болгон заманбап ыкмалар [Текст] / Б.К. Калбаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. № 3. - С. 148-152.
7. Калбаев, Б.К. Факторы, влияющие на особенности производства следственного осмотра и допроса при расследовании преступлений, совершаемых в исправительных учреждениях [Текст] / Б.К. Калбаев // Право и государство: теория и практика. 2020. № 5 (185). - С. 96-101.
8. Калбаев, Б.К. К вопросу об участии адвоката-защитника в процессе расследования преступлений [Текст] / Б.К. Калбаев // Право и государство: теория и практика. 2020. № 6 (186). - С. 189-194.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна туура келет жана КРдин УАК бекиткен талаптарга жооп берет. Авторефераттын бирдей мазмунда берилген кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**9. Диссертациянын мазмуну боюнча эскертүүлөр.**

**1.** Негизинен диссертация боюнча олуттуу сын-пикирлер жок. Негизи, бул тактоо мүнөздөгү суроо. Диссертацияда жашы жете элек күбөлөрдү суракка алууда психологдун катышуусу жөнүндө маселе каралган. Бул маселе боюнча сиздин көз карашыңыз тууралуу токтолсок.

**10. Диссертациянын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө” жобого ылайык келиши.**

Жыйынтыгында, **Калбаев Бакыт Абдысатаровичтин «Жашы жете элек күбөнү суракка алуунун өзгөчөлүктөрү»** темасында жазылган диссертациясы жогорку илимий теориялык деңгээлде аткарылгандыгын, практикалык жактан баалуу экендигин, илимий жаңычылдыктын керектүү элементтерин жана теориялык жана практикалык сунуштардын бир катар негиздүү жана терең теориялык тыянак чыгарууларды камтый тургандыгын белгилей кетүү керек. **Калбаев Бакыт Абдысатарович** 12.00.09 – жазык процесси, криминалистика; ыкчам издөө иши адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталып, **«Жашы жете элек күбөнү суракка алуунун өзгөчөлүктөрү»** темасында жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө” жобосунун талаптарына толугу менен жооп берет, ал эми анын автору **Калбаев Бакыт Абдысатарович** 12.00.09 – жазык процесси, криминалистика; ыкчам издөө иши адистиги боюнча изделген юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга арзыйт.

**юридика илимдеринин кандидаты**

**Шимеева Ж. Ш.**

Ю. и. к. Ж. Ш. Шимееванын кол тамгасын тастыктаймын Ибраимова Б. А.

Организационно-правовая форма: КООПЕРАТИВ Собственность: ЧАСТНАЯ